~~1150~~ 190 „г"

И. Абдрахманов.

Манас тууралу менин билгендерим

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

...т языка, литературы и истори...
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 190 ~~197~~ „г" год
68 стр. 1979 г.

Манас тууралуу билгендерим.
Ыбрайым Абдрахмановдан.
Мен азыркы күндө 67 жашта-мын 55 жылдын көргөн-дөрүмдү кудуксуз айта алам.
Мен Жети-Өгүз району, Чырак айылында 1888-жылы туулган-мын. 7-8 жаштарга чыгып айылдагы балдарды окуткан молдолордон окуп жүрдүм.
Эл кыштоого конгондо айыл-дагы кары, жаштар чогулушуп, Манас жомогун айттырууну тууралуу кеңешип, Манас ай-туучу кишини атайы чакыр-тып алышып, кезек менен ар үйгө чогулушуп айттыр-ышчу эле.
Кышында киргенде толгон ки-шилер Манас айттырган

Үтө жок тосуп, картандары
Бегим, колдорун жуунушуп
кобурашып, бир кыштын
ичинде кыран эрдин жомогун
жазында үч рет айттырып
эшитүү зарыл экендигин
айтышчу эле.
Чоң балдар илгери отурушчу-
шу, мен улагада босогонун
түбүндө керегеге сөөнүп отуруп
калып, түн ортосу жакында-
ганда уйкулары келишип чоң
балдар тарап кетишкенде
түшөгөнүн түбүнө мине
келип отуруп, таң жакындап
жомок айтуу токтолуп, эч
тарталгандан кийин кеп эр
элеси. Ошондой түрдө кыш-
тын көпчүлүк күндөрү Манас
айттыруу менен өткөрүлөр



эле. Манасты айтып жат-
канда, кай бир муңдуу жер-
лерине келгенде ыйлап
жаткан кишилер... сатылып
алышуу жерлерине келип
кайгырышкандар чуру-чуу түш-
көндөрү... Күндүзүндө Ма-
насты көксөп сөз кылып
отурушкандары...
Түндө айтылган жомоктон
көңүлүмө кай бир эпизод-
дорун өздөштүрүп калып,
эртеси айтып бере алган-
дыгымдан келечекте менин-
да жомокчу болорума эл
ишенишер эле.
Мен Ысык-Көлдөгү жомок-
чулардын жатаан көрүп
өткөрдүм. Манас айтууга
эң чыгаан болгон Акылбектин

13 жашымда биринчи көрүп,
28 жашыма дейре үздүк-
сүз айтқандарын угуп жүрдүм.
Кочкор районунда, азыркы күндө
дө жашап жаткан Чапак жо-
мокчу, Балык, Тыныбек,
Найманбай, Фыйкасынбай
жана башкаларын бүт
көрүп, эч кайсылары Акыл-
бекке жанаша албаган-
дыгын. Сагымбай мын-
дай айтуучу эле:
„Назар, Нооруз, Нурмантай,
Келдибек, Балык, Тыныбек,
Баарысынан Байкасым,
Артынан билген Акылбек.
Акылбек бала убагында, эч
кесте жылкычы болуп жүр-
гөндө Манасты айта баш-
тагандан калмактын ичине



кирип кеткен айткан.
Акылбектен башка Байжан,
Жандаке, Отунчу, Калча,
Фыйкасынбай, жакшылык
жомокчулардан 15–20
жылдан көрдүм.
Ыбышка, кесиптерлердин
көпчүлүгү макал, ылакап-
тардын бир канчасын
Манастан алып айтышчу
эле.

## Манастын элдик негизи.

Кыргыз эли көп кылымдар
бою Манасты эстеринен
чыгарбастан көкөйүнө
оздон оозго айтып муунан-
дай каклап айтып келген-
диктери анык иш. Кыргыз
Эли Манасты чектен
тыш сүйгөндүк торунан эч

жогорку баалуу аттардан беришкен. Мисалы: баатыр Манас, Эр Манас, Султан Манас, Төрө Манас, Заадал Манас, Арстан Манас, Кабылан Манас, Айкөл Манас, Тениз Манас, Көкжал Манас, Берен Манас, Кыран Манас, Шүйгүн Манас, Буудан Манас, Адил Манас, Жоомарт Манас. Булардагы турган асман, жер, ай, күн ак сыяктуулларга да теңелетирген. Манас элге жек көрүндүлөрдөн болгон болсо, мындай эң жогорку мактоо аттардын бирин да беришпестен токонаалагы сөздөрдү кошуп айтуу менен бирге те



арасын ичинде унутууда коюшкан болор эле.

Эл Манасты эң артыкча сүйгөндүктөрүнө дагы бир канча далилдерди айталы: Пайгамбарлар деп эң ыйык саналып айтылып келингендердин да, Манасты алда канча жогору эсептешкен. Манастын атын эч качан балдарына коюшпаган. Пайгамбарлар дегендердин аттарын жалпы кое беришкен. Мисалы: Сулайман, Муса, Ибрагим, Исмайыл, Гиса, Мухаммед. ж. б. Таластагы Күмбөздүн мекке даражасынан да алда канча жогору саналышы, Манаска